«Бекитемин»

ЖАМУнун илимий иштер боюнча

проректору, ф.м.и.доктору, профессор

К.С.Алыбаев

«20» 012 2019-ж.

№5 _ ТОКТОМУ

Катышкандар: Жалпы тарых кафедрасынын башчысы Э.Авазов-т.и.к.доцент, К.Айдаркулов-т.и.к.м.а.профессор , Э. Сулайманкулов-т.и.к.м.а.профессор, К.Халматов-т.и.к., В.Анарбекова-т.и.к. Т.Аманкулова-а.ч.и.д., профессор, фил.и.к.,доцент., Б.Э.Дарбанов-фил.и.к., доцент, А.К.Кадырова-фил.и.к., доцент, Б.Карбекова-э.и.к., Б.С. Назарбаева-т.и.к

Күн тартибинде Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар-орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы) аттуу темада 07.00.07.- «Этнография, этнология, археология жана антропология» адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкуулоо.

Угулду: Кафедра башчы, т.и.к.доцент Э.Авазов: Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү жыйындын күн тартибинде Наркеев Сапарбек Анарбековичтин диссертациясы каралмакчы. Анын темасы: «Элдик оозеки чыгармалар-орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы) деген темасында жазылган диссертациялык ишинин кол жазмасын талкуулайбыз. Илимий иштин жетекчиси тарых илимдеринин доктору, профессор О.К.Каратаев. Эмгек бул жерде олтурган кызматкерлерге таркатылып берилген, анда эмесе диссертация тууралуу ой-пикирлерге уруксат берсек.

Алгач сөз диссертант С.А.Наркеевге берилет.

Наркеев.С.А. Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, биринчиден бул жерге келип катышып бергенициздерге чоц ыраазычылыгымы билдиремин.

Наркеев .С.А. Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, биринчиден бул жерге келип катышып бергендигиниздерге чон ыраазычылыгымды билдиремин. Диссертация алгач ирет ЖАМУнун тарых кафедрасына талкууга коюлуп жатат. Эн алгач диссертациянын актуалдуулугу туралуу айтып өтөйүн. Биздин мамлекетибиз эгемеидүүлүк алгандан бери алгач ирет өзүбүздүн тарыхыбызга кайрылуу күчөп жатат, ошондуктан кыргыз тарыхында изилденбей, колго алынбай жаткаи тарыхыбыз бул Манас эпосу баш болгон эпосторубуз жана элдик оозеки чыгармаларыбыздын ар бир доорго тийиштүү жана кайсы бир өлчөмдө элдин тарыхый эс тутумдарында ыр, кошок, легенда айтымдарында айтылып келет. Эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып, кыргыз элииин тарых жана руханий баалуулуктарына болгон кызыгуусу жанданды. Кыргыз элинии Россия империясына каратылышы, жергиликтүү орус администрациясынын жана Россиянын аймактарынан көчүп келишкен орус,украин улуттарына кирген бай капиталисттерининн жана помещиктеринин жергиликтүү элге карата жүргүзгөн колониалдык саясаты элдик оозеки чыгармаларда кыргыз элинин орус падышалыгына эч качан ыктыярдуу кошулбагынын элдик оозеки маалыматтар тастыктоо менен катар эле кыргыз мамлекетүүлүгүн түзүүгө чон аркеттер болгонун элдик айтымдар, Калыгулдун, заманчы акындардын ырлары жана элдик ырлар тастыктайт. Ошол эле кезде Россия империясынын колониалдык саясатынын таасири күчтүү болуп экономикалык, саясый багытта бир топ алга жылуулар болгонун элдик оозеки чыгармаларда айтылат жана адилеттик, эркиндик ойлорду так баяндайт. Россиянын колониалдык саясатынын прогрессивдүү жактары менен бирге эле терс жактарын ошол доордогу акындар, эл арасындагы алдынкы көз караштагы прогрессивдүү адамдар орус падышалыгынын саясатын сынга алып турушканын билебиз. Эл арасындагы эл баатырлары, эл башчылар жана акындар ар дайым эл менен бирдикте орус падышасынын колониалдык саясатына карапайым калк менен бирдикте каршылык көрсөткөндүгү тууралуу маалыматтарды элдик оозеки чыгармалардан кенен жолуктурабыз. Ошону менен катар эле Россия империясынын доорунда, падышалык Россияга каршы өз ойлорун тике айткан, эл башында туруп күрөшкө чыккандардын арзуу тилектеринин, ишке ашпай калган идеяларынын азыркы учурда жана келечекте да кыргыз мамлекети үчүн актуалдуу болуп кала берет. Бул маселелерди карап чыгууда, изилденип жазылган тарыхнаамалык эмгектердин орду баалуу, ошондуктан падышалык Россия туралуу жазылган эмгектер бизге таяныч болуп бере алат. Аларды биз тарыхтын тарыхый булактары жана тарыхнаамасы менен ар тараптуу салыштырмалуу карап чыгууга аракеттендим. Эмгек үч баптан турат, ар бир бап, бөлүмдөргө окуянын өнүгүү баскычтары боюнча бөлүнгөн. Айрыкча биринчи бапта тарыхый булактар жана аларды изилдеген аалымдар туралуу жана тарыхнаамасына кенен

олуттуу экендиги ишенимдүү айтылган. Мен диссертациялык ишти коргоого сунуш этүү керектигин толук колдоймун.

' Аманкулова Т.К. Наркеев Сапарбектин Диссертациялык иши эгемен мамлекетибиздин учурдагы талабына жооп берет, анткени изилдөө ишинде кыргыз элинин акындары Калыгулдун, Арстанбектин, Молдо Ныяздын ырларына таянып, ошол доордогу кыргыз элинин орус оторчуларына каршы күрөштөрүн, жашоо образын анализге алганын байкоого болот. Аны менен бирдикте орус оторчулары жерлерди, жайыттарды ээлеп, менчиктеп алганын элдик оозеки ырлар аркылуу анализдегенин эмгектен ачык байкоого болот. Диссертант катары эмгекти коргоого сунуштаймын.

Зулпукаров А. Диссертанттын иши менен таанышып чыктым, ал орус оторчуларынын келиши менен кыргыз элинин турмушунда кескин өзгөрүү болгонун Арстанбектин, Молдо Кылычтын ырларында ачык жазылганын, отурукташуу маданиятынын пайда болгонун, ошол эле кезде кыргыздын салтынын бузулушунун он жана терс жактарын тарыхый булактар менен салыштырып анализге алганын байкоого болот. Ошондуктан эмгекте жетишерлик маалыматтар топтолгонун айтуу менен бирдикте диссертацияны коргоого болот.

Дарбанов Б.Э. Диссертант катары эмгекте орус оторчуларынын бийлигин элдик ырларда таасын чагылдырганын жана өзү да эл оозунан маалыматтарды жыйнап, ал маалыматтарды тарых менен салыштырып анализге алган. Орус бийлигинин таасири менен кыргыз элинде жаны түшүнүктөр акча, товар мамилелери пайда болгонун анализдеген. Эмгекти коргоого сунуштаймын.

Калчакеев К.З. Элдик оозеки чыгармаларды диссертант толук пайдалангандыгы байкалат жана өзү да элдин оозунан жаны элдик ырларды жыйнагандыгын байкоого болот. Элдик оозеки чыгармаларды буга чейин аалымдардан Б.Жамгырчинов да изилдөөгө алган, бирок Наркеев Сапарбек алардын иштерин бир топ кенейтилген варианта изилдөөгө аракеттенгени жетишерлик. Ошондуктан эмгекти коргоого толук болот деген ишеничтемин.

Кадырова А.К. Диссертант катары Наркеев Сапарбектин буга чейин жазган эмгектеринен, илим изилдөө иштердеги аракеттеринен тааныймын. Жазылган эмгекте кыргыз акындарынын материалдарын толук пайдаланган, ошону менен катар эле архивдик, фольклордук материалдарды тарых менен салыштырган, анализдеген. Эмгекти коргоого сунуштаймын.

Карбекова А.К. Эмгекти окуп чыктым, диссертант эмгегин азыркы талапка жооп берген ыкма менен жазган. Нормативдик талаптарга толук жооп берет. Эмгектин

Тарых менен элдик оозеки варианттардын айрым бир гана айырмачылыктары болбосо, негизинен элдик варианттар тарыхтын айтылбай калган бөлүктөрүн толуктай алат. Диссертанттын эмгеги кошумча маалыматтар, көз караштар менен анализге алынган.

Авазов Э. Кандидаттык диссертациядагы тандалып алынган тема азыркы учурда тарых илиминде өтө актуалдуу темаларга кирет. Диссертант катары С.А.Наркеев архивдеги фольклордук материалдарга жана жеке өзү эл арасынан да материалдарды топтоп, тарыхый булактар менен салыштырганы ачык көрүнүп турат, Эмгекти жазууда бир топ эле жаны идеяларды берүүгө аракеттенге.н, мисалы Болот хандын, Абдылдабектин эркиндик, кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн күрөшкөнүн элдик ырлардын негизинде тарыхый булактардагы маалыматтарга таянып жана кокон ордосу кыргыз элинин хандыгы, мамлекеттүүлүгү экендигин ырастоого аракеттенген. Аны менен катар эле Арстанбектин ырларында орус колонизаторлорунун он жана терс жактарын тарыхый булактар менен ар тараптуу анализге алганы диссертацияда ачык көрүнүп турат.

Назарбаева Б. Жалпысынан ишти карап чыкканда диссертант бул эмгекти кылдат ар тараптуу .карап чыкканга дилгирленгени байкалып турат. Диссертациянын структурасы ишенимдүү, тема актуалдуу, илимий аппарат бар, архивдик материалдар элдик оозеки чыгармалар жана кыргыз акындары Калыгулдун, Арстанбектин, Молдо Ныяздын, Женижоктун ырларын жана эл оозунан жыйналган материалдарды тараптуу салыштырып изилдөөгө аракеттенген. Авторго кемчиликтери боюнча сүйлөштүм, ал эмгөктин денгээлин төмөндөтпөйт. Коргоого уруксат берсек болот.

Сулайманов Э. Диссертант эмгекти изилдегени байкалып турат, орус колониализминин билим, маданият, экономика тармактарындагы саясатын элдик ырлар менен салыштырып анализге алган. Изилденген эмгек теориялык- илимий жана тарбиялык мааниси өсүп келе жаткан муундарга, коомубузга абдан керектүү илимий эмгек.

Халматов К. Мен бул илимий ишти кызыгуу менен окуп чыктым. Иштин түшүнүктүү, жөнөкөй жазылгандыгы, автордун теманы жакшы билгендиги деп эсептейм. Негизинен эмгек бүгүнкү учурдун талабына жооп берет, анткени архивдик, элдик көз караштарды жана тарыхый булактарды ар тараптуу анализге алганы байкалып турат. Анын Болот хандын , Абдылдабектин кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүү аракеттерин жана Анжиян кыргыздарынын эркиндик, эгемендүүлүк үчүн күрөштөрү деп айткандары жаны көз караштар экенин баса айтууга толук негиз бар деп элдин тарыхый эс тутумуна таянып айткандары

артыкчылыгы жана кыргыз элинин турмушунун кескин өзгөрүшү жөнүндө айтылат.

-Алдаш Молдонун ырларында орус келгиндеринин кыргыз элин колонизациялашы жана орустардын отурукташуусу, кыргыз жерлерин тартып алуусу, сот ситемасындагы паракорлук, болуштардын жана орус башкаруучуларынын кыргыз жерлерин тартып алуусу тууралуу чагылдырылат.

-Столыпиндик саясаттын жайылышы жана орусташтыруу процессин Алдаш Молдо кыйыр, түз түрүндө ишке ашырылганы жөнүндө айтат. Алымбек датканын, Алымкул аталыктын "кыргыз мамлекетин "өз алдынча" түзүүгө жасаган аракеттери элдик фольклор аркылуу анализге алынат, ошондой эле алардын аракеттери азыркы учурда эн маанилүүлүгүн акындардын ырлары, тарыхый булактар да ырастайт.

1873-1876-жылдары кыргыз элинин Россия падышалыгынын колониалдык саясатына каршы турууда улуттук-боштондук күрөштүн башында Полот хан Момун, Мамыр, Абдылдабек сыяктуу тарыхый инсандар турганын фальклордо да баяндайт жана азаттык тууралуу айтылган элдик оозеки чыгармаларда чагылышын карап чыгуу, тарыхый окуялар менен салыштыруу;

1898-жылдардагы Анжиан көтөрүлүшү "анжиан кыргыздарынын көтөрүлүшү" экендигин эл ...акындары Токтогулдун, Женижоктун, Молдо Нияздын эмгектерин жана элдик оозеки чыгармаларды катарлаш коюп, тарыхый маалыматтардын негизинде анализдөө, салыштыруу, тактоо, көтөрүлүштөгү " анжиан кыргыздарынын"азаттык идеясы жана кыргыз элинин ролу жогору болгонун такташтыруу. Өз учурундагы кыргыздардын ичинөн чыккан белгилүү эл башчыларынын падышалык бийликтин тарабына мамлекеттик кызматка тартылышынын элдик чыгармаларда чагылдырылышын тактоо;

1916-жылдагы кыргыз элинин улуттук-боштондук көтөрүлүшүн Алдаш Молдонун, Токтогулдун жана башка ушул сыяктуу акындардын жана элдик оозеки чыгармалардын негизинде изилдөө жана эл арасынан жыйналган маалыматтардын негизинде ачып көрсөтүү;

-1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшү, андагы кыргыз элинин орус оторчуларына каршы күрөшү жана көтөрүлүштүн Аксы, Кетмен-Төбө аймагында да болуп өткөнүн элдик ырлар аркылуу салыштырып, системалаштыруу.

Улуттук-боштондук көтөрүлүштө карапайым калктын орус падышалыгына каршы биримдикте күрөшүүгө аракеттери болгонун элдик ырлар жана маалыматтар менен бирдикте тарыхый фактылар да ырастайт.

токтолот, ошондой эле орус колонизаторлору кыргыз жергебиздеги басып алуучулук аракеттерин туралуу кыргыз акындары Калыгул, Арстанбек жана казактын акындары менен катарлаш элдин турмуштук өзгөрүүлөрүнө сын көз караш менен караганын, алардын басып алуучулук аракеттеринин кесепетинен элдин турмушундагы кескин өзгөрүүлөрдү сындаганын анализге алынган. Ошондой эле орусташтыруу принцибинин' аракеттерин анализдегенмин. Отуруктаашуу маданияты пайда болгонун негизи эле орус империясы 19-кылымдын аягында кыргыз, казак жерлерин күч менен басып ала баштаганын элдик оозеки чыгармалар аркылуу анализге алганмын. Ал эми экинчи бапта түштүк кыргыз жериндеги эркиндик үчүн күрөштөрүн атайын эл арасынан кошумча материалдар менен элдин тарыхый эс тутумунда Болот ханды «кыргыз ханы» деп эсептегенин ар тараптуу тарыхка жаны көз карашын билдиргенге аракеттендим. 1873-1876- жылдардагы эркиндик күрөштөр бул элибиздин мамлекеттүүлүк үчүн күрөштөрүнүн символу экенин ырасташканын элдик жана тарыхый булактар да ырастайт. Деги эле диссертациянын негизги максаттарынын бири чыныгы кыргыз элинин тарыхын, эркиндик тендик, мамлекеттүүлүк идеяларынын төркүнү элдик оозеки чыгармаларда жатат деп эсептеймин.

Айдаркулов К. Бул тема учурдун талабына жооп берген эмгектердин бири болуп эсептелет. Темада элдик оозеки маалыматтар буга чейин изилденген варианттарды ар тараптуу топтоп анализге алганы байкалат.Теманын изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы диссертацияда Кыргызстандын аймагындагы Россия падышалыгынын колониалдык саясатын элдик оозөки чыгармаларга таянып илимий анализ жүргүзүү, салыштыруу жана изилдөөгө алуу менен алгачкы аракеттер жасалды. Мисалы айта турган болсок.анда:

-Кыргыздардын Россия падышалыгы менен дипломатиялык байланыштары, кыргыз жерлерин падышалык бийликтин каратып алууларын элдик оозөки чыгармалар аркылуу изилдеди. Калыгулдун ырларында Россия падышасынын каратып алуусун так баяндайт. Ал эми Ормон, Үмөталы, Балбай, Осмон сыяктуу инсандар падышалык Росссиянын басып алуучулук аракеттерине каршы болгон, жогорудагы аты аталган инсандардын каршылыктарын элдик ырларда да, тарыхта да айтылгандыгын иликтедик.салыштырдык.

-Арстанбек Буйлаш уулунун ырларында Россия падышалыгынын саясаты алдын ала так баяндалуу мөнөн бирдикте экономикалык өзгөрүүлөр жөнүндө да айтылат,

Молдо Кылычтын ырларында орус келгиндеринин Токмок шаарында кыштак негиздегенин жана андагы базары, айыл чарбасы, ошондой эле саясий түзүмүнүн

Анарбекова В. Диссертанттын бул эмгеги менен таанышып чыктым, негизинен учурдун талабына жооп берет. Кыргыз акындарынын жана элдик оозеки маалыматтарды тарыхый окуялар менен салыштырып талдап чыккан. Анын көз караштары мамлекеттүүлүк, эркиндик үчүн элдик ырлардагы ойлор, окуялар салыштырылып изилденген. Диссертациялык ишти коргоого болот деген ишенимди билдеремин.

Жыйынтыгы: Диссертациялык иште орус падышалык империясынын колониалдык саясатынын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын тарыхый жактан изилдеп чыккан жана падышанын империялык. колониалдык саясаты элдин коомдук турмушуна таасирин тийгизгенин ар тараптуу изилдеген. Ошондой эле кыргыз эли падышалык орусияга аргасыздан баш ийгендигин, мамлекеттүүлүк үчүн күрөшкөнүн элдин тарыхый эс тутумдарынын негизинде такталган жана изилдеген. Эмгекти коргоого сунуштайбыз.

**Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин Жалпы тарых кафедрасынын кенейтилген жыйыны төмөнкүдөй токтом кылат:**

1. Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар-орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы) деген темасы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши коргоого сунушталсын. Адистиги 07.00.07.- Этнография, этнология, археология жана антропология.

Жыйындын төрагасы

Жалпы тарых кафедрасынын башчысы т.и.к. доцент: Авазов Э.

Катчы т.и.к. Анарбекова В.

**Колу тастыкталат**

Входящий 04-8/8
24.02.2021.
Ученый секретарь Диссовета Д 07.21.
628 А.З. Жапаров